## «Энелер мектеби» боюнча тренинг

## Аскер уулу Нурлан атындагы жалпы билим берүү орто мектибиндеги жалпы ата – энелер чогулушу

## Протокол

**03.03.2021 - жж**

Катышкандар:

1.Мектеп администрациясы жана мугалимдер

2.Ата – энелер

Күн тартибиндеги маселелер:

1.Тарбия завучу жана соц. педагог Айдаркулова Айнаранын «Энелер мектеби» боюнча жүргүзгөн иштери

2Тема: «Балдарды мектепке даярдоо».Энелерди топко бөлүп суроо – жооп боюнча талкуулоо жүргүзүү.

3.Энелерди мектепке тартуу боюнча анкета толтуруу.

**Угулду:**

**Биринчи маселе** :

Тарбия завучу жана соц.педагог Айдаркулова А.Н сөзү:

«Энелер мектеби колдоого алынып жети облусунун мектебинде өз ишин баштап жатат. Бул программанын автору Гапыр Мадаминовдун атын азыр бардык жети областын мугалимдери ,, ата – энелер да билип калды. Ал эми китептери болсо, суроо талаптар арбын. Мугалимдердин да жоопкерчилиги да көбөйдү. Агайдын эмгегин баалап, барктап уланталы. Билим берүүнүн эффективдүү жолдорун мына ушул агайдын усулдарын окуп, үйрөнүү менен ишке ашырабыз. Колдо бар алтындын баркы жок болуп, көрсө 25 жыл убакыт өттү. Каталарыбызды оңдоп «Мына мен Мадаминовдун усулдары менен мыкты мугалим болдум», «Мен Мадаминовдун Энелер мектеби сабагы аркылуу мыкты энеге айландым,»- деген сөз кептер менен айтылып турган деңгээлдерге жетели. Аны биз агайдын шакирттери гана ишке ашыра алабыз. Ишке ашыруу биздин милдетибиз. «Энелер мектебинин» негиздөөчүсү Гапыр Мадаминовдун слайдын көргөзүп, энелерге түшүндүрүү иштерин жүргүздү.

Энелердин жеке үй- бүлөдө эмес коомдо , мамлекетте даражасы бийик болуш керек, Кыргыз эли байыртадан эле касиет кыргыздын аялдарында экенин даңазалап келишкен. Ийгиликтүү, ыймандуу эркектердин артында акылдуу энеси же аялы тураарын эркектер байкабайт. Ошондуктан «Энелер мектебинин» өнүгүүсү зарыл иш чара.

Энелерге Гапыр Мадаминов боюнча слайддын түрлөрү көргөзүлдү.

**Экинчи маселе боюнча башталгыч класстын мугалими Аманкулова Адина сөз сүйлөдү :**

**Аманкулова Адина** . 3 – класстын мугалими. Ооба ата – эне болуу демек тарбиячы болуу. Ошон үчүн ар бир ата – эне бала тарбиялоого алдын ала даярдануусу зарыл. Демек , бул жоопкерчиликти сезип, бала мектепке бараарда тарбия жөнүндө китеп , журналдардан тиешелүү адабияттарын окуп, интернет булактарын пайдалануу менен алгач өзүн даярдаш керек.

**Энелер 3 топко бөлүндү.**

1 – суроо

Мен окуган балама кандай тарбия беришим керек?

2 – суроо

Мен эми баламдын жаш өзгөчөлүгүнө жараша мамиле кылганды билемби?

3 – суроо

Азыркы тездетилген заманда информациялык коомдо менин берген тарбиям менен балам өз жолун таап кете алабы?

Эгерде, «Энелер мектеби» ар бир мектепте болсо, агайдын китеби чон жардам болоор эле.

**3 – маселе:**

**Ата – энелерге анкета таркатылды .**

Анкетада ата – энелер жакшы денгээлде жооп беришти.

**ЧЕЧИМ:**

1.Ата – энелер балдарына туура тамактануусуна көңүл бурушсун

2. Баланы телефондон алыстатып, психологиялык жактан даярдашсын

3.Мектеп билим эле эмес, тарбия да уясы экендигин ынандырышсын

4. Баланын кызыгуусу милдеттендирилсин.

**Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектеби**

**Протокол**

**2020 – ЖЫЛ 18 – ОКТЯБРЬ**

**Каралуучу маселе:**

1. Суицидди алдын алуу

2.Интернет оюндарынын келип чыгышы боюнча түшүнүк берүү.

Катышкандар:

Мектеп администрациясы, мугалимдер жамааты.

Полтавка айыл аймагынын подполковниги Бекназаров Мээркул Базарбаевич

8-11 класстын окуучулары

**Биринчи маселе** боюнча мектептин тарбия завучу Айдаркулова Айнара сөзгө чыкты.

Азыркы мезгилде мектеп окуучуларынын арасында өзүнүн жанын кыюу фактылары көп катталып жатат. Биздин бардыгыбыздын бул жерге чогулуп, жатканыбыздын себебс ушунда. Мындай учурлар болбош үчүн алдын алуу иштерин жүргүзүү жыйынтыктуу болот. Ошондуктан ар бир класс жетекчи жана мугалимдер окуучунун психологиясына жараша мамиле жасашыбыз керек. Ал эми окуучулардын арасында социалдык абалы ар кандай окуучулар бар. Ошону мугалим байкай билип, ал балага өзгөчө көңүл буруп , жакшы сөздөр менен өзүнө тартуусу керек. Баланын жан дүйнөсүнө эмне болуп жаткандыгын билүү зарыл.

Ар бир класстын окуучуларынын социалдык абалын тактап, мындай көрүнүштөрүнө болбошуна жол бербешибиз керек. «Тарбия башаты үйдөн башталат» дегендей мындай учурлардын болушу кээде үй бүлөдөн да көз каранды болот. Ата – энелердин балдарынын жашоосуна көңүл кош мамилеси , материалдык каражаттарынын жетишсиздиги себеп болот. Ошондой эле балдарынын арасындагы ар кандай чыр-чатактар буга да себеп болушу мүмкүн.Ошондуктан ата – энелер балдарына ар тараптан байкоо жүргүзүп , аларга аяр мамиле кылуунун негизинде иш алга жүрөт жана мындай көрүнүштөрдү жеңебиз, деген ойлорун айтты.

**Экинчи маселе** Подполковник Бекназаров Меербкул Базарбаевичтин сөзү:

Мектеп окуучусу сабактан себепсиз калбашы керек. Ата – энелер мектеп менен тыгыз байланышта болуп , баласы үчүн жооп бериши керек. Белгилүү себептер менен окуучу сабактан кала турган болсо, ата – эне мугалимге чалып билдирип туруу керек. Интернет оюндары окуучу үчүн таасири өтө зыян. Мында интернет оюндарынын кесепетинен жаш өспүрүмдөрүнүн арасында өз жанын кыюу фактылары күч алып жатканы өкүндүрөт.Кырсыктардын болбошу үчүн ата – энелер жана мугалимдер тынымсыз байкоо жүргүзүп. Балдарыбыздын келечегине кам көрүшүбүз керек , деп билдирди.

Слайддын негизинде видео көргөзүлдү.

ЧЕЧИМ:

1.Интернет оюндарынын алдын- алуу иш чаралары ата – энелерге , мектеп администрациясына жана ар бир класс жетекчиге милдеттендирилсин

2.А та – энелер менен тыгыз байланыш күчөтүлсүн.





Ата-энелер чогулушунун токтому.

Күнү: 15.11.21.

Темасы: Адамдын интеллектуалдык ж-а өз алдынча окуусундагы китептин ролу.

Максаты:
1. 1-чейректин жыйынтыгы
2. Ар бир окуучуга мүнөздөмө берүү
3. Окуучулардын сабакка катышуусу, тазалыгы тартиби
4. Окуучуларды ата-энелер м-н биргеликте тарбиялоо

Ата-энелер чогулушуна 7 ата-эне катышты
Ата-энелер чогулушунун темасы, максаты ж-а 1-чейрек-тин жыйынтыгы айтылды. Ар бир окуучуга токтолуп мүнөздөмө айтылды. Китеп дептерлердин сакталышы ж-а күндөлүктүн убагында толтурулушу ата-энелерге эскертилди. „Адамдын интеллектуалдык ж-а өз алдынча окуусунда китептин ролу" тууралу доклад окулуп ата-энелер м-н биргеликте талкуу жүрдү.

Окуучулардын сабакка катышуусу, тазалыгы тартиби ата энелерге милдеттендирилди.

Ата-эне мугалим менен биргеликте иш алып баруу каралды

Токтом кылынды.

1. 1-чейректин жыйынтыгы „жакшы" деп табылды
2. Балдардын мектепке келип кетүүсүнө, ж/а тазалыгына тартибине ата-энелер жооп берсин.
3. Окуучулардын билим сапатына ата-энелер дагы жардам берүү милдеттендирилсин.

# КЛАССТЫН АТА – ЭНЕЛЕР ЧОГУЛУШУ

**8 - класс**

**Күнү:** **28 – сентябрь 2022 - жыл**

**Темасы:** Ата – энелер комитетин шайлоо

**Максаты:** Окуучуларга билим – тарбия берүүдө ата – эненин ролу

**Чогулуштун жүрүшү**

Жаңы окуу жылына карата ата – энелер чогулушу өтүлдү. Бардыгы 24 ата – эне катышты. Окуучулардын китеп менен камсыз болушу тууралуу айтылды. Негизинен окуу куралдары быйылкы окуу жылында жетишпейт. Тарых, геометрия, адабият, литература китептери көп окуучуларга жетишпей калды. Эгерде ата – эненин мүмкүнчүлүгү болсо, сатып берүү тууралуу айтылды. Ата – энелер көптөгөн суроолорду берди.

Жолдо жүрүү эрежелери жана техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо ,үйдө балдардын ден – соолугуна кам көрүү айтылды.

Окуучулардын сабакка катышы , тазалыгы ата – энелерге милдеттендирилди.

Ата – энелер комитети болуп Казыбекова Оксана, Кондубаева Назира, Жуматаева Асел шайланды. Сапаттуу билим берүү үчүн ата – энелер мене мугалим бирдикте иштесе гана ийгиликке жетишээрибиз айтылды.

Китеп . дептерлердин сакталышы ата – энелерге эскертилди.

**Токтом:**

1.Ата – энелер комитетине Казыбекова О, Кондубаева Н, Жуматаев А шайлансын.

2. Окуу куралдарынын сакталышы ата – эненин көзөмөлүндө жүргүзүлсүн.

3.Ата – энелер окуучулардын билим сапатына жардам берүлөрү милдеттендирилсин.

## Ата-энелердин чогулушунун планы
## План родительского собрания

Күнү/число 29.09.2021-ж

Каралуучу маселер/повестка дня „Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу ж/а окуу куралдары м/н камсыз кылуу".

Максаты/цель 1. Ата-эненин ж/а окуучунун укугу, милдети.

2. Мектептин уставы м/н тааныштыруу

3. Кезектеги иштер

### Чогулуштун жүрүшү/Ход собрания

Бүгүнкү ата-энелер чогулушуна 18 ата-эне катышты. Биринчиден ата-энелер окуучуларга сабак окуусуна шарт түзүп бериши керек. Күндөлүктөрүн убагында толтуруп, окуу куралдарын иретке келтирүүгө көзөмөл болуу керек. Сабакка кечикпей келип, мектептин формасы менен таза, тыкан келишсин. Азыркы пандемия учуруна байланыштуу өздүк гигиенаны сактоо керек. „Тарбия үйдөн башталат" ар бир окуучуга үйдөн сабакка жардам бериш керек. Мектепке телефон алып келүүгө тыюу салынат.

Ата-энелер комитетин шайлоодо кимди шайлайбыз деген суроо менен кайрылуу болду. Ата-энелер бир добуштан төмөнкү ата-энелерди көрсөтүштү: Кыязалиева Э. Исаева К.

Ата-энелер комитети Кыязалиева Э. сөз сүйлөдү. Сөзүндө: 2021-2022-окуу жылында балдарыбызга илимин калаан кетпесин деп. Бош убактыбызда балдарыбыздын келечеги үчүн убакытты туура пайдаланып, мүмкүндөргө да болгон күч аракетибизди жумшап, үйдөн балдарыбызга жардам берип туралы - деди.

### Токтом кылынды
### Постановили

- Ата-эне м/н мектеп тыгыз байланышта болуп, ар кандай иш-чараларды алып баруу жагы ата-эне комитетине жүктөлсүн.
- Балдардын сабакка катышуусу ж/а окуу куралдарына көзөмөл болууга ар бир ата-эне милдеттендирилсин.

## Ата-энелердин чогулушунун планы
## План родительского собрания

Күнү/число 27.09

Каралуучу маселер/повестка дня Окуучулардын сапаттуу билим алуусун камсыздоо

Максаты/цель 1. Окуучулардын сабактарды аткаруусуна
2. көзөмөл күчөтүү
3. Кошумча балага берүүгө
3. Кезектеги иштер.

### Чогулуштун жүрүшү/Ход собрания

Чогулушка 9 ата-энелер катышты.

Директор Акматалиева К.К. „Сапаттуу билим алууну камсыздоо" доклады м/н чыгып сөз сүйлөдү. Окуучулардын жетишкендиктери м/н тааныштырды. 11-кл. класс жетекчиси балдардын окууга болгон жөндөмдүүлүгүн, чогу иштөөсүн жана келечекте кайсы кесипти ээлей болот, ошого карап сабактарга көбүрөөк көңүл бөлүшү керек экенин айтты.

Сабактан тышкаркы убакытта окуучулар м/н даярданууга толук шарт бар экенин билдирди.

Кезекте окуучулардын коомдук иштерге катышуусу ж-дө айтылды. Биздин участок „Дубовый парк". „Тазалык бардык жерде" деген ураан м/н болуучу жерде иштедик.

### Токтом кылынды
### Постановили

1/ Ата-энелердин балдарына сабакка даярданууда көзөмөл кылуусу

2. Ата-энелер м/н балдардын ортосундагы байланышты түзүүсү.

## Ата-энелердин чогулушунун планы
## План родительского собрания

Күнү/число 27-сентябрь

Каралуучу маселер/повестка дня Сабакка катышуу, жетишүү

Максаты/цель 1. Окуу куралдарын сактоо.
2. Сабакка катышуу, жетишүү.
3. Коопсуздук эрежелерин сактоо

### Чогулуштун жүрүшү/Ход собрания

Окуучулар окуу куралдары менен толук камсыз болушкан. Ата-энелерге китептерди, дептерлерди таза сактап дайыма колдонууга алуу керек.
Сабакта жетишүү аябаган өтө окуу сабагынан Исаева Н, Мукаибетов А, Абдулаева жана Камырзаев А. үйдөн кобураак окутуп жардам беришүү керек.
Сабакка катышуу жакшы, сабак калтырган окуучулар жок.
Жолдо, үйдө, мектепте коопсуздук эрежелерин сактоо жөнүндө ата-энелерге толук түшүндүрүлүп берилди.
Ата-эне менен мектеп, мугалим тыгыз байланышта болсок коштогон ийгиликтерге жетише турганыбыз жөнүндө айтылды.

### Токтом кылынды
### Постановили

1. Окуу куралдарын жылдын аягына чейин таза кармасын!
2. Ата-энелер окуучулардын сабакка катышуусуна жетишүүсүнө жардам көрсөтүшсүн!
3. Коопсуздук эрежесин дайыма сактоо жөнүндө окуучуларга эскертип турушсун!

## Ата-энелердин чогулушунун планы
## План родительского собрания

Күнү/число 27.09.21

Каралуучу маселер/повестка дня Окуучулардан сапаттуу билим алуусуна көмөктөшүү

Максаты/цель 1. Окуучулардын сабактарда атаарлуусуна
2. көмөктөшүү кошомол калуу
3. Кезектечи иштер

Чогулушка 11 ата эне к

### Чогулуштун жүрүшү/Ход собрания

Чогулушка 11 ата-эне катышты. Директор Акматамиева Н. К. "Сапаттуу билим алууга көмөктөшүү" доклады менен чыгып сөз сүйлөдү. Окуучулардан жетишкендиктери менен тааныштырды. 9-класс класс жетекчиси канары балдардын окуучу болгон жөндөмдүүлүгүн, жетишүүсүн жана келечекти кайсы кесиптин ээси болот ошого карай сабактарга көбүрөөк көңүл буруш керек экенин айтты.

Сабактан тышкары убакта окуучулар менен даярдануга толук шарт бар экенин билдирди

Кезекте окуучулардан коомдук иштерге катышуусу жөнүндө айтылды.

Биздин участок Эстелик тазалап баардык жерде дагы учаак менен бөлүнгөн жерде иштерин.

### Токтом кылынды
### Постановили

1) Ата энелердин балдарына сабакка даярдануга кошомол калуусу.

2) Ата энелер менен балдардын ортосундагы байланыш түзүүсү.

## Ата-энелердин чогулушунун планы
## План родительского собрания

Күнү/число 1-сентябрь 2022-жыл

Каралуучу маселер/повестка дня Окуу куралдары менен камсыз болуу

Максаты/цель 1. Окуу куралдары
2. Окуучулардын сабакка даярдыгы
3. Кезектеги иштер

### Чогулуштун жүрүшү/Ход собрания

1-сентябрда 13-окуучу партага отурду. Анын ичинен 5 кыз бала, 8 эркек бала. Окуучулар толугу менен окуу куралдары жана мектеп формасы менен камсыз болушкан.
Билим күнүнө карата: „Биз Кыргызстандын келечегибиз" - деген темада ачык тарбиялык саат өтүлдү.
Андан кийин ата-энелер чогулушу өткөрүлдү.
Чогулушта: Ар бир ата-эне окуучуларды мектепке жөнөтүп жатканда окуу куралдарын текшерип, мектепте коюлган талаптарды аткарып
ден соолугуна кам көрүп, көзөмөлгө салып жөнөтүүсү керек. Жолдо жүрүү эрежесин күндө эскертип туруш керек. Чүнтөктүн, акыркы бетине үй-мектеп чиймесин чийип берүүсү жөнүндө айтылды.

### Токтом кылынды
### Постановили

1. Ата-энелер балдардын ден-соолугуна өзгөчө көңүл бөлүшсүн!
2. Мектептеги коюлган талаптар аткарылсын!
3. Коопсуздук эрежесин сактоону ата-энелер көзөмөлгө кылышсын!